Асан Жансейитов атындагы орто мектеби

## Асан Жансейитов атындагы орто мектебинин 2020-2021, 2021-2022– окуу жылында жүргүзүлгөн тарбиялык иштердин

### АНАЛИЗИ

1. 2020-2021, 2021-2022 – окуу жылында тарбиялык иштер боюнча окуучунун билим денгээлинин сапаттуулугу жана ар тараптан жетишкен инсанды этнопедагогиканын негизде тарбиялоо максатында ар түрдүү иштер жүргүзүлдү.

- Мектептин уставына ылайык ишти уюштуруу
- Өзүнө болгон ишенимдүүлүк, адамдар менен баарлаша билүү , чечим кабыл алуу, алдына максат коюу сыяктуу жеке сапаттарды жакшыртуу.
- Саламаттыкты сактоо боюнча маанилуу маселелер тууралуу окуучуларга маалымат берүү
- Мектеп парламентинин ишин жолго салуу
- Балдардын ден соолугуна кам көрүү максатында лекцияларды, тарбиялык сааттарды уюштуруу
- Класс жетекчилердин семинарларын, жыйындарды уюштуруу
- Мектепте парламенттик дежурство уюштуруу
- Окуучулар жана мектептер арасында маданий-массалык жана спорттук иштерди жүргүзүү
- Окуу китептеринин, күндөлүктөрүнүн, инвентарлардын сакталышына көзөмөл кылуу
- Ата–эне, окуучу, мугалим программасынын негизинде ата-эне менен мугалимдин кызматташтыгын күчөтүү максатында «Ачык эшиктер » күнүн өткөрүү
- Окуучулардын инсандык өнүгүшүн калыптандыруу максатында тегерек стол, жолугушууларды өткөрүү.
- Мектеп ичинде сабактан тышкаркы маданий иш чараларды, конкурстарды өткөрүү менен окуучулардын өз алдынчалуулугун арттыруу.

2. Жылдык тарбиялык иш план окуучуну эл жерин суйгон инсандыкка тарбиялоо, чыгармачыл жөндөмүн өстүрүү, нравалык сапаттарын калыптандыруу , спортко болгон кызыгуусун арттыруу, өнүктүрүү болуп саналат.

Мектепте 4 комитет иш алып барат:

- Окуучулук комитет
- Кыздар комитети
- Өспүрүмдөр уюму
- Спорт комитети

Комитеттер тарабынан спорттук мелдештер, дежурстволор, даталуу күндөргө иш чаралар, конкурстар жыл мезгилине жараша пландын негизинде жыл сайын өткөрүлүп, жылына 2 жолу өспүрүмдөр уюму тарабынан «Семетей», «Сейтек» кошуунуна окадлидерди ...

…исалы : «Жакшы окуп , жакшы жүрүшүм, элиме кошкон үлүшүм» аттуу сбордо 1-… классстарды кошунга кабыл алуу.
«Мугалим күн — ал баарына тегиз тиет» жалпы кошундун сбору
Кыздар комитети «Эрте никеге туруууга каршыбыз» акциясы, «Зордук-зомбулукка каршыбыз», «Жакшы кыз жакадагы кундуз» тегерек стол ж.б.
Окуучулук комитети «Акыл ордо» предметтик таймашы «Окуучунун жоопкерчилигин кантип көтөрөбүз?»- деген темада тегерек стол ата- энелер комитети менен бирдикте.
«Ким шамдагай?» деген темада класстар арасында эстафеталык таймаш жана жаз,күз айларында окуучуларды сергек жашоого үндөө максатында эртең мененки көнүгүүлөрдү жасатуу, «Биз таштандыда жашагыбыз келбейт» айлана-чөйрөнү тазалоо акциясы, «Ак калпактар» күнүнө жүрүш жыл сайын жана 1-октябрь Карылар күнүнө карата «Карысы бардын ырысы бар» деген темада кече откорулот.

Мектепте даярдоо классы менен 10 класс комплект бар, класс жетекчилер ата-энелер менен биргеликте иш алып барышат.
Жуманын 1-кунундо оз ара текшерүү жүргүзүлүп, линейка өткөрүлүп катыш, кечигүү даталуу күндөр, жаңылыктар боюнча маалымат берилип , жыйынтык чыгарылып турат.

**Спорт оюндары боюнча**

| **№** | **Жылдары** | **Волейбол** | **Футбол** | **Тогуз коргоол** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2020-2021 | II,III орун | | |
| 2 | 2021-2022 | I,II орун | II орун | III орун |
| 3 | 2022-2023 | I,II орун | | |
| | | | | |

2020-жылы **«Аймактарды өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо»** жылына карата мектептин айлана-чөйросун көрктөндүрүү иштери жүргүзүлүп, бак-дарактардын көчөттөрү отургузулду.

2021-жылы «**Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө**» жылына карата мектепте окуучуларды руханий-адеп-ахлактыкка тарбиялоо максатында маданий иш чаралар уюштурулду.

2022-жылы «**Тоолорду өнүктүрүүнүн эл аралык жылы**» жылына карата окуучуларды тоого экскурсияга алып чыгуу менен жаратылышты коргоо иштери болуп өттү

**Социалдык педагогдун жүргүзгөн иштерине анализ.**

Ар бир класс боюнча класс жетекчи жана соцпедагог тарабынан окуучулардын социалдык паспорту түзүлгөн.

| № | Социалдык абалы | 2020-2021-ж | 2021-2022-ж | 2022-2023-ж |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Социалдык жетим окуучулар | 0 | 0 | 0 |
| 2 | Тоголок жетим | 2 | 2 | 2 |
| 3 | Жарым жетим | 2/1 | 2/1 | |
| 4 | Көп балалуу үй- бүлөө | 5 | 5 | 5 |
| 5 | Аз камсыз үй – бүлөө | 7 | 7 | 7 |
| 6 | Тарбиясы оор бала ИДН | 0 | 2 | 2 |
| 7 | Ички миграниттын балдары | 0 | 1 | 1 |
| 8 | Сырткы миграниттын балдары | 2 | 2 | 2 |